Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№5 [17001] ИШЕМБИ, 28/02/2026


## Жаңы техникалар тапшырылды



2-бетте

## БИРИМДИК, ЫНТЫМАКЧЫЛЫК - ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗИ



5-бетте

## Элдин ишенимин актоо - башкы милдет



4-бетте

## *Аз камсыз болгондор көңүлдүн борборунда*



8-бетте


**“Ош жаңырыгы” сиздер менен!**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Кабарлар

## Жаңы техникалар тапшырылды

Ош облусунун башчысы Аманкан Кенжебаев Алай районуна болгон иш сапарынын алкагында алыскы Памир - Алай айыл өкмөтүнө барып, жаңы техникаларды тапшырды жана көпүрөнүн ачылуу аземине катышты.

Иш сапарынын жүрүшүндө облус жетекчиси Талды- Суу айылында болуп, "Мамлекеттик лизинг компаниясы" аркылуу келишимдик негизде сатып алынган төрт заманбап техниканын ачкычын тапшырды. Жаңы техникалар Памир -Алай айыл өкмөтүнүн аймагында жол куруу жана оңдоо, инфратүзүмдүк жана коммуналдык иштерди жүргүзүүгө колдонулат. Мындан тышкары, облус башчысы жергиликтүү тургундар менен жолугушуп, өлкөдө жана облус аймагында аткарылып жаткан иштер тууралуу маалымат берип, алыскы аймактын жашоочуларына шарт түзүү боюнча пландар менен бөлүштү.



Иш сапарынын соңунда Талды- Суу айылында Кызыл- Суу дарыясынын үстүнө жаңыдан курулган көпүрөнүн ачылыш аземине катышты. Көпүрөнүн узундугу 54 метрди, туурасы 4 метрди түзөт. Көпүрөнү куруу айыл тургундарынын коопсуз каттамын камсыз кылуу, жайыттарды жана айыл чарба багытындагы аймактарды пайдаланууга ыңгайлуу шарт түзүү болуп саналат.

## "100 өнөр жай ишканасы - 2026" долбоору

КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаевдин алып баруусунда "100 өнөр жай ишканасы - 2026" долбоору боюнча жыйын өттү. Ага КР Курулуш, архитектура жана турак жай - коммуналдык чарба министрлигинин Ош облустук архитектура курулуштук контролдоо региолналдык башкармалыгынын, мамлекеттик экспертиза кызматынын өкүлдөрү, райондук мамлекеттик администрация башчылары -акимдердин биринчи орун басарлары жана тиешелүү долбоорлордун жетекчилери катышты.

Жыйындын жүрүшүндө облус аймагындагы ишке ашырылып жаткан 19 долбоордун курулуш абалы каралды. Тактап айтканда, обьектилердин кайсыл стадияда экени, курулушу иштеринин жүрүшү жана руксат берүүчү документтердин абалы талкууланып, жооптуу тараптарга тиешелүү тапшырмалар берилди.

Ошондой эле долбоорлорду ишке ашырып жаткан ишкерлерге мамлекет тарабынан колдоолор тууралуу маалымат берилди. Белгилей кетсек, аталган 19 долбоорду 2026-жылдын аягына чейин пайдаланууга берүү пландалган.

Маданият

# Таланты менен таанылган Адилет



Жакында Ош мэриясынын маданият жана жаштар башкармалыгы Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата "Ата Мекенйыйык мурас" аттуу кароо- сынак өткөрдү. Ага 17 -30 жашка чейинки музыка сүйүүчүлөр катышышты. Аткаруучулар Мекен, эл, туулган жер тууралуу чыгармаларын тартуулашты.

Кароо- сынакка жыйырмадан ашуун таланттар катышышты. Алардын катарында Рыспай Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониянын ырчысы Адилет Үсенбаев да катышты. Жаштыгына карабай анын ырчы, аткаруучу, обончу, аккордеончу жана акындык өнөрү бар.

Айта кетсек, Адилет Үсенбаев 2005-жылы 17 - декабрда Жалал- Абад облусунун Ноокен районундагы Д.Садырбаев атындагы айыл өкмөтүндөгү Алма айылында туулган. Атасы Орозбаев Азамат Үсенбаевич кесиби боюнча музыка мугалими. Апасы Мойдунова Бактыгүл Анаркуловна кесиби боюнча кыргыз тили жана кыргыз адабияты мугалими жана музыка мугалими. Адилет үй- бүлөдөгү үч бир туугандын эң улуусу.

Адилет мектепти аяктаган соң, Оштогу Ниязалы Борошев атындагы музыкалык окуу жайына тапшырган. Мында орус улуттук аспаптары бөлүмүндө окуп жатып, Манас шаарындагы Маданият техникумунун фольклор бөлүмүнө которулуп, аны артыкчылык диплому менен аяктаган. Учурда Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинде сырттан окуу бөлүмүндө билим алууда.

Өзүнүн эмгек жолунда каарманыбыз Манас шаарындагы "Лидер" башталгыч мектебинде музыка мугалими болуп иштеген. Кийин Манас шаарындагы Курманбек баатыр атындагы лицейинде музыка мугалими жана көркөм жетекчи кызматтарында эмгектенген. Ошондой эле Манас шаарындагы Бекмамат Осмонов атындагы мамлекеттик университетинде маданий эстетикалык бөлүмүндө иштеген. Учурда Рыспай Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясында ырчы, аккомпаниатор болуп иштөөдө.

Адилет Үсенбаев Рыспай Абдыкадыров атындагы коомдук фондусунун мүчөсү, ЖАМУдагы Эл аралык Рыспай Абдыкадыров атындагы ырчылар клубунун медалынын ээси. Ал келечекте мыкты обончу жана композитор болооруна ишеничибиз чоң. Кыргыз маданиятын өнүктүрүүдө жана жайылтууда алдыңкы сапта болоору шексиз. Болуп өткөн кароо - сынакта Мекен, эл жер жөнүндөгү сөзүн А.Сооронбаев жазган, "Кыргыз эл- байыркы эл" деген ырды мыкты чеберчилик менен аткарып, экинчи орунга татыктуу болду. Жаш талант алдыда дагы мыкты чыгармаларды жаратып, эл урматтаган өнөр ээси болот деген пикирдебиз.

**К.Кыдыралиева.**

Жарыялар

### Миграциялык каттоо

2025-жылдын 1-сентябрынан Москва шаары жана Москва облусуна эмгектенгени келген чет өлкөлүк жарандардын жүргөн жери боюнча миграциялык каттоосу мобилдик тиркемеден геолокациясын иштетүү аркылуу ишке ашырылууда.

Бул визасыз өлкөлөрдөн эмгектенүүгө келген чет өлкөлүк жарандарга, анын ичинде кыргызстандыктарга колдонулат, ал эми үй-бүлө мүчөлөрү, студенттер жана башка максат менен Россияга киргендер үйдүн ээси менен МФЦга, Россиянын ИИМнин аймактык бөлүмдөрүнө же "Госуслуги" аркылуу билдирүү берүү жолу менен миграциялык каттоого турууcу керек.

"Амина" мобилдик тиркемени "RuStore" плеймаркеттен жүктөп, төмөнкү жолдор менен каттоого туруу керек:

- Геолокацияны жана камералар жагууга уруксаттарды берүү;
- Чет өлкөлүк жарандын картасындагы (Карта иностранного гражданина) QR-кодду сканерлөө. Бул картаны Сахароводогу Көп функционалдуу миграциялык борбордон алууга болот;
- Сүрөткө түшүү, жүктөө жана тастыктоону күтүү;
- Көп функционалдуу миграциялык борбордун дареги боюнча каттоого туруу;
- Жашаган жерди көрсөтүү жана даректи тастыктоо. Эгерде жашаган даректи көрсөтүү мүмкүн болбосо, тиркемедеги картадан жашаган үйдү таап, белги коюу;
- Push-билдирмелерди иштетүү жана келген билдирүүлөр менен таанышуу.

Маанилүү! Тиркемеге күн сайын кирип, геолокациянын берүү абалын текшериңиз, ал үзгүлтүксүз күйүп турушу шарт! Тиркемени колдонууда ВПНди өчүрүү керек.

"Амина" тиркемеси боюнча Көп функционалдуу миграциялык борбордун төмөнкү техникалык колдоо номерине: +7 (499) 530-56-88.

Паспорттук маалыматтар дал келбесе "Амина" тиркемеси аркылуу каттоого туруу ишке ашпай калуусу мүмкүн. Бул учурда Көп функционалдуу миграциялык борборго кайрылып, паспорттук маалыматтарды алмаштыруу керек.

Геолокация 3 күндүн ичинде берилбесе "Көзөмөлгө алынган адамдардын тизмесине" киргизүүгө негиз болушу мүмкүн. Эгерде, Москва шаары жана Москва облусундагы дареги алмашса, анда "Амина" тиркеме аркылуу жаңы даректи дароо өзгөртүү зарыл.

Москва шаары жана Москва облусунан башка аймакка чыккандa, Москвадагы Көп функционалдуу миграциялык борбордун дарегинен каттоосу автоматтык түрдө жокко чыгарылат жана барган жеринде үйдүн ээси менен МФЦга, Россиянын ИИМнин аймактык бөлүмдөрүнө же "Госуслуги" аркылуу билдирүү берүү жолу менен миграциялык каттоого турууга милдеттүү. Москва шаары же Москва облусуна келгенде, «Амина» тиркемеси аркылуу кайрадан каттоого туруу талап кылынат.

Маанилүү! Учурдагы жарактуу миграциялык каттоосу бар чет өлкөлүк жарандар, каттоо мөөнөтү бүткөн күндөн кийин 30 жумушчу күндүн ичинде "Амина" тиркемеси аркылуу каттоого туруусу керек.

Суроолор боюнча Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Россия Федерациясындагы Өкүлчүлүгүнө төмөнкү дарек боюнча кайрылуу керек: Москва ш., Малая Полянка көч., 7-үй, корп. 5, (метро Полянка). тел.: +7 996 968 98 97.

### Жараксыз деп табылсын

Рахман уулу Азимбайга тиешелүү болгон VT-1 №054792 сандуу эмгек китепчеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Ххх

Жеке ишкер Шамшитдинов Фахриддин Абдухаликовичке берилген ИНН 22605198400791 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Аукцион

Кара-Суу районундагы Ала-Тоо айыл аймагынын Ак-Таш айылындагы муниципалдык менчиктеги 0,15 га. жер тилкесин, гараждын ордун ижарага берүү боюнча аукцион өткөрүлөт. Аукцион гезит чыккан күндөн тартып бир айдан кийин айыл аймактын кеңсесинде өткөрүлөт. Сурап билүү үчүн телефон: 0558680811, 0771122260.

### Собрание акционеров

14 марта 2026 года в 17-00 часов по адресу: г. Ош, ул. Ленина 323 состоится общее собрание акционеров ЗАО «Ошгипрострой».

Повестка дня:

1. Утверждение состава счетной комиссии.
2. Утверждение отчета правления о финансово-хозяйственной деятельности института за 2025 год.
3. Утверждение заключения ревизионной комиссии за 2025 год.
4. Утверждение годового баланса, счета прибылей и убытков.
5. Распределение прибыли за 2025 год.
6. Утверждение годового бюджета на 2026 год.
7. Выборы членов правления.
8. Выборы председателя правления ЗАО «Ошгипрострой».
9. Выборы членов ревизионной комиссии.

Начало регистрации в 16-00 часов дня 14 марта 2026 года.

# ЖАШОО ТАЙМАШЫНДАГЫ ТАГДЫР

**Адам жарык дүйнөгө келген өмүр сапарында колдун беш манжасынын салаасында сапталгандай тагдыр таймашына ээ болгон өмүр жолу башталат тура. Баам салгандан, башатында сезилбегени менен пенде жарык дүйнөгө жандуу, ой чабыттуу адам наристеси катары көптүн бириндей тирүүчүлүктүн түмөн түйшүктүү жашоосунда кайпастуу, калың капсалаңдуу, каардуу көп сырдуу өмүр түйшүгүнө капталганы ар бир пенде жалгыздыгынын тагдырында кандай болгон күндө да, күн менен түндүн алмашкан чексиз мухитинде жашоого тагдырлаш болот окшойт.**



Ушундай таймаштуу, күпшөлөңдүү күндөр сызыгы жаратылыштын мыйзамдуу сүрөттөлүшүндө айга жылга тогошкону, муун урпагына ээ болгон пенде күрөшүндө тынымсыз сезилбегендей тууштукта өткөнү, опол тоодой сырдуу дүйнөнүн жандырмагы жандуунун да , жансыздын да амалдуу эңсөөсүнө айланганында бир сырдын катылганы аң сезимдүү дүйнө парасатында ой сезимдүү жандуу  ички бүтүмүн эңшергени эңшерген бейм. Ошондон муун тагдыры өз дооруна бапташа жашоо уланганы ар бир жашап өткөн пенденин өмүр сырларына айлангандын көптүн бири дегениң менен жалгыздыктын өзүндө да опалдуу, ооматтуу өмүрлөр болоору пешенеге жазганын көрүнгөнү менен сыймыктуулугу тагдырдын сырларында экендигине ынануу ыкыбалы көптүн биринен көрөнгөлүү көрсөтөт бейм.

Ошондой инсандардын сап башындагылардын катарында кадырлуу өмүр өтөлгөсүн өтөгөндөрдүн бири Токуров Шапы аба турат. Жогоруда чайналган ойлордун бардык сүртүмдөрү көпчүлүк баамындагыдай кадырлуу өмүрүнө таасын жарашат дегенге



татыктуу дешке болот. Шапы аба бул жарыкчылыка өткөн кылымдын 1930-жылы Улуу тоолордун кучагындагы, андагы Өзгөн районунун Шаркыратма айылында жаратылышка жан кирген жаз мезгилинде жарык дүйнөгө келет. Атасы Токур Малабек уулу Адигене уруусунан чыккан Баргы уруусунун Сары-Баргы уруусунда Эл башкарган бий болгон экен.Андан бери бир кылымга тетерээк мезгилдер сырын жашырган тура.

Жаш наристелик курагы ата-энесинин колунда өтөт. Азыр баамдагандан андагы мезгилдер толук элдин тамырына байланган мал чарбачылыгында болсо Шапы аба да ошол түйшүктүү жашоонун сырларына жаштайынан тагдырлаш өсөт. Ал эс тартып калганда элдин жашоо турмушунда совет өлкөсү курулат. Ошол учурдагы  жашоого элдир-селдир көзү каныгып келе жаткан жаш курбалдаштары менен айылдагы жети жылдык башталгыч мектептин босогосун аттайт. Андагы Улуу Ата Мекендик согуштун апаат күндөрү көптүн бири катары жаш Шапынын да өмүрүнө таасирин тийгизет. Тылдагы жаш өспүрүмдөрдүн бири катары чарбачылыкта кабырганы кайыштырган кара жумуштар менен алектенүүгө туура келет. Мал жанга чөп даярдоо, дыйканчылыкта кош менен жер айдап дан өстүрүү жумуштарында жаштыгына карабай ошол доордун зарылчылыгынын ээси катары эмгектенет. Көрсө көпчүлүк эр азаматтар согушка аттанган соң айылдагы жашоо тиричиликтин жумушу балакаттан эми өтүп өтпөгөн айылдагы жаштарга, кыз келиндерге өтконүн тарых тастыктап турбайбы.

Бирок канчалык кыйынчылык болсо да элдин деми менен жашоо тынымсыз уланат. Шапы аба ошол кыркынчы жылдардан Шаркыратма айлындагы жети жылдык мектеп босогосун аттап, аны 1947-1948-окуу жылында алдыңкы окуучулардан болуп аяктайт. Бул учурда согуш жеңиш менен аяктап чарбалык жумуштар кыйла жанданып эл турмушунда бир топ өзгөрүүлөр пайда болгон учур эле. Мектепти алдынкылардын катарында аяктаган Шапы аба жети жылдык билимин андан ары улантуу максатында райондун аймагындагы Токтогул атындагы орто мектебинин сегизинчи классынан окуй баштайт. Аны 1951-жылы жакшы жүрүш -турушу менен бүтүрөт. Кийин өз айылындагы жети жылдык мектепте бир жылдай мугалимдик кесипте эмгектенет.

1953-жылы Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык техникумунун Кыргыз тили жана адабияты мугалимдик адистигине окууга тапшырат. Аны ийгиликтүү аяктаган соң чыныгы эл агартуу кесибинин ээси катары Кара-Кулжа районунун элге билим берүү башкармалыгынын жолдомосу менен эмгек жолун райондогу "Кылоожун", "Түшүнүк", "Шаркыратма", "Ажыке" жети жылдык мектептеринде алгач мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, мектеп директору кызматтарында он жылдап жаштык жигери менен үзүрлүү эмгектенет. Ал учурда билим тарбия ишине мамлекет тарабынан жакшы көңүл бурулган учур болот. Шапы аба педагогдук кесипкөйлүгүнүн ажарын ошол тоолуу айылдарда жашаган өспүрүм жаштарга билим тарбия берүүдө изденүүчүлүк менен эмгектенүүнүн натыйжасында алдынкы мугалим катары өз деңгээлин бышыктай алат. Ошол 50-60-жылдарда элибиздин билим берүү тармагындагы зор бурулуштун каарманы катары Шапы аба ар бир иштеген коллективинде кадыр-баркы бийик болгондугун ошол учурдагы таанып билгендер, окуткан окуучулары аңыз катары айтып келишет.



Агартуу майданында үзүрлүү эмгектенгендиги үчүн 1970-жылы Лениндин жүз жылдыгына арналган юбилейлик медалдын ээси болот. Ал 1966-жылдан Ылай-Талаа айлындагы Карл Маркс атындагы орто мектепте көп жылдар кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп үзүрлүү эмгектенет. Ошондогу окуу тарбиялык иштериндеги үзүрлүү эмгектери эске алынып, облустук билим берүү башкармалыгынын "Мактоо баракчасы" менен сыйланат. Кийинчерээк көп жылдык эмгектери бааланып "Эмгек ардагери" медалын алууга арзыйт. Ал учурда тажрыйбалуу педагог окуучуларга билим тарбия берүүдө өзү өздөштүргөн предметтик сабагы боюнча райондогу алдынкы мугалимдердин катарында болгон.

Мектептин атынан райондогу алдынкы мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу боюнча методикалык облустук, райондук семинар кеңешмелердин катышуучусу катары усулдук көргөзмөлүү сабак тажрыйбалары жогору бааланган. Жаштайынан мугалимдик кесипти аркалаган Шапы аба 1981-жылга чейин бир күн да мектеп турмушунан алыстабай жан дили менен иштегендигин таанып билгендер азыркыга чейин ооздорунан түшүрбөйт.

Өмүрлүк жары Токурова Турдукан эне да Шапы абанын канатына канат боло кайда жүрсө кошо болуп, ишинин сүрөмчүсү катары үй-бүлөөлүк бекем шартты тутунуу менен он перизенттүү болушкан. Алардын алтоо уул, төртөө кыз балдар. Баарына жогорку билим алууга, окуп билим тарбиялуу болушуна жан үрөп, ата-эне катары үй бүлөөсүнүн көркүн көтөрө алышкан. Байбичеси Турдукан апа да Союз учурундагы он бала тарбиялаган Баатыр эне.  Ал үй турмушунда эне катары балдарына маңыздуу тарбия-таасилдүү болушуна чоң эмгек жумшаган. Шапы аба менен Турдукан эне экөөлөп тарбиялаган уул, кыздарын "Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласын "деген накыл кептин мазмунунда турмуш жолуна багыттаган.

Ошол аралыкта Шапы аба чарбалык иштерге да аралашып калат. Андагы Карл Маркс атындагы колхозунун төртүнчү бригадасынын жетекчиси кызматын бир курдай аткарып калат. Иштин көзүн билген инсан катары аталган оорунда да жан үрөп эмгектенет. Мезгилдер өткөн сайын балдары оорун колдон, жеңилин жерден алганга жарап калат. Шапы аба менен Турдукан эненин эмгектери жерде калбай эл арасында мыкты үй-бүлөлөрдөн аталат. Баш баласы Бакас Токуров 1955-жылы Шаркыратма айылында төрөлгөн. Ата-энесинин колунда мыкты тарбия алгандыктан мектептен да жакшы окуйт. 1980-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун чет тилдер факултетин аяктайт. Атасынын жолун жолдогон мугалим катары Карл Маркс атындагы орто мектебинде англис тил мугалими, Өзгөн районунун билим берүү башкармалыгында усулдук бөлүмдүн башчысы, Ош технологиялык университетинин Өзгөн филиалынын окутуучусу болуп үзүрлүү эмгектенет. Ал жакшы иштери үчүн "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы" төш белгисине татыктуу болгон.

Кызы Урматкан жогорку билимдүү чет тили мугалими. Ал дагы азыркы А.Осмонов, А.Субанов мектептеринде мугалим болуу менен билим берүүнүн мыктысы төш белгисин алууга арзыган. Кийинки кыз балдары Фаридакан, Курстанбек, Куштарбек, Махабат, Майрамкан, Бакытбек, Сталбектер билимдүү тарбиялуу инсандар катары өз үй-бүлөлөрүн эл арасында мыкты жөндөгөн ата-энесинин жолун жолдогон көп балалуу бүлөлөрдөн болуу менен жашоо кечирип келишет.

Ал эми уулу Мыктыбек Токуров атасынын атын алып жүргөн "Шапы Аудит" аудитордук компаниясынын жетекчиси болуп иштейт. Аталган аудитордук компания 2019-жылдын 25-мартында Юстиция министрлиги тарабынан  каттоодон өткөн. Азыркы учурда бул команияда 25 жогорку тажрыйбага ээ кызматкерлер эмгектенишет. Бул компания азыркы убакта түштүк аймагындагы профессионалдык жактан жогорку аудитордук компания болуп эсептелет.

Мыкты педагог Токуров Шапы аксакал өз өмүр жолунда татыктуу балдар, кыздарды тарбиялаган. Өмүр жолу пайгамбар жашына жашташ 61 жашка толгондо 1991-жылы жарык дүйнө менен кош айтышкан. Ал эми байбичеси 2015-жылы ааламдан өткөн. Учурда Шапы аксакал менен Турдукан Баатыр энеден жаралган балдары, кыздары, небере, чеберелери алардын атын туу тутуу менен жашап келишүүдө.

**М. Жуманазаров.**

**Кара-Суу районунун Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы Карыбеков Кутманали Кудайбердиевич:**

# «Элдин ишенимин актоо - башкы милдет»

Кара-Суу районундагы мамлекеттик кызматтын тепкичтеринен такшалып өткөн жетекчилердин бири -Карыбеков Кутманали Кудайбердиевич. Ал 1984-жылдын 4-февралында Кара-Суу районуна караштуу Папан айыл аймагында жарык дүйнөгө келген. Туулган жерден алган тарбия, айылдын жөнөкөй турмушу анын мүнөзүнө эмгекчилдик менен жоопкерчиликти эрте сиңирген.

Билимге умтулуу анын өмүр жолундагы башкы максаттарынын бири болду. 2004-жылы ОшМУнун математика жана маалыматтык технологиялар факультетине тапшырып, 2009-жылы инженер адистиги боюнча ийгиликтүү аяктаган. Андан соң, КР Президентине караштуу Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу академиясынан менеджмент багыты боюнча билим алып, башкаруу тармагындагы кесиптик даярдыгын чыңдады. Кийинчерээк Батыралы Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинен менеджмент -экономист адистигин алып, теориялык билимин практикалык тажрыйба менен айкалыштырды.

Эмгек жолун 2011-жылы Ош мамлекеттик университетинде инженер-электронщик болуп баштаган Кутманали Кудайбердиевич мамлекеттик кызматта да өзүн татыктуу көрсөттү. Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясында жетектөөчү адис, Папан айылдык кеңешинин депутаты катары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көйгөйлөрүн ичинен көрүп, эл менен иштөөнүн чыныгы мектебинен өттү.

Мамлекеттик салык кызматындагы жылдар анын уюштуруучулук жөндөмүн, так эсеп-кысапка болгон тактыгын бекемдеди. Ош шаары жана Кара-Суу району боюнча башкармалыктарда жооптуу кызматтарды аркалап, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн аткарууда, маалыматтык технологияларды өнүктүрүүдө олуттуу салым кошту.

2022–2024-жылдары Ноокат районундагы Көк-Бел айыл өкмөтүн жетектеп, аймактын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга багытталган бир катар демилгелерди ишке ашырды. Ал эми 2024-жылдын сентябрынан тартып Кара-Суу районуна караштуу Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы катары үзүрлүү эмгектенип келет.

Бүгүн ал жетектеген аймакта инфраструктура жаңыланып, социалдык объектилер курулуп, инвестиция тартуу иштери жанданды. Кара-Суу районунун 90 жылдык маарекесине карата айылдардын инфратүзүмүн өзгөртүүгө, экономикалык мүмкүнчүлүктү кеңейтүүгө кошкон салымы элдин алкышына арзып келүүдө.

**Кутманали Карыбеков жаңы доордун талаптарына жооп берген, билим менен тажрыйбаны айкалыштырган, эл ишенимин актоону башкы милдети катары билген жетекчи. Кара-Суу районунун экономикалык картасында өз ордун бекемдеп, өндүрүш менен социалдык тармакты айкалыштыра өнүгүүгө бет алган айыл аймактардын бири -Ынтымак. Бул аймактын 2025-жылдагы жетишкендиктери, ири инвестициялык долбоорлору жана эл турмушун жакшыртууга багытталган демилгелери тууралуу Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы Карыбеков Кутманали Кудайбердиевич менен маектештик.**

**-Кутманали Кудайбердиевич, 2025-жыл Ынтымак айыл өкмөтү үчүн кандай жыл болду?**

-2025-жыл биз үчүн жаңылануунун жана жоопкерчиликтин жылы болду. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров бекиткен план-тапшырмалардын негизинде бир топ ири долбоорлор ишке ашты. Айыл аймактын бюджети толук аткарылып, социалдык жана инфраструктуралык иштер үзгүлтүксүз жүргүзүлдү. Инвестиция тартуу багытында 1 млрд. 870 млн. 493 миң сом көлөмүндө ички жана тышкы каражат тартылып, жаңы жумуш орундарын түзүүгө шарт түзүлдү.

**-Өндүрүш тармагындагы жаңылыктар тууралуу айтсаңыз?**

-Өткөн жылдын 20-мартында Таш-Арык айылында “Ош Таза-Көмүр” ЖЧКсы тарабынан кыш чыгаруучу жана көмүрдү кайра иштетүүчү завод ишке берилди. Бул иш-чарага Президент Садыр Жапаров өзү катышып, жергиликтүү элге дем-күч берди.

Мындан тышкары, Ак-Терек айылында “МЖМ-групп” ЖЧКсы тарабынан жалпы кубаттуулугу 9 мегаватт болгон 4 чакан ГЭСтин курулушу башталды. Бул долбоор энергетикалык көз карандысыздыкка карай жасалган иштерибиздин бири десем болот.

Жаңы-Арык айылында 14,70 гектар жерге кыш жана газоблок чыгаруучу заводдун курулушу 92 пайызга бүтүп, ушул жылы ишке берилгени турат.

**-Социалдык багытта аткарылган иштерге токтолсоңуз?**

-Туура айтасыз, бизде социалдык инфраструктурага өзгөчө көңүл бурулуп келет. Ак-Терек айылында “Ас-Сафа” кайрымдуулук фонду тарабынан 25 турак үйдөн турган социалдык шаарча курулуп, 100 муктаж үй-бүлө турак жайлуу болду. Жалпы 90 млн. сом жумшалды.



Билим берүү тармагында 8 мектеп, 9 бала бакча иш алып барат. Быйыл эки жаңы бала бакча ачылып, бакчага тартылуу 65 пайызга жетти. КР Агартуу министри Догдуркүл Кендирбаева Таш-Арык айылында 50 орундуу “Таш-Арык” жаңы балдар бакчасын пайдаланууга берүү аземине катышты.

Правда айылындагы бакчанын ачылышына акимибиз баштаган бир топ жетекчилер келип, бакчанын кыщыл тасмасын кесип беришти. Жалпы 13 млн. сомдон ашык каражат билим берүү мекемелерине жумшалды.



Кошумчалай кетсем, Жаңы-Арык айылындагы “Мурас” шаарчасы деп аталган 10,70 га жер аянтына Мамлекеттик ипотекалык компаниясы тарабынан 2,31га жер аянтына 5 кабаттуу 5 даана үйдүн курулушу бүтүп, чатыры жабылды. 2026-жылдын 21-март күнү Нооруз майрамына карата кезекте турган жарандарга берүү аземи күтүлүүдө. Ошол эле жердин жанына дагы 5 кабаттуу 5 даана үйдүн курулушу башталып, 2-кабатка жетип калды. 2026-жылдын аягында пайдаланууга берүү пландалууда.

Ал эми саламаттыкты сактоо тармагында 42 медкызматкер эмгектенет. ФАПтарга генераторлор алынып, социалдык колдоого муктаж жарандарга каражат бөлүндү. Бизге караштуу бардык мекемелерге жана

**-Кутманали мырза, аймактагы айыл чарба тармагындагы жетишкендиктер кандай?**

-2025-жылы 1415 гектар аянттагы кылкандуу дан эгиндери жыйналып, дүң түшүм 33 370 тоннаны түздү. Бул өткөн жылга салыштырмалуу 3 217 тоннага көп. Мал чарбачылыкта 2183 жылкы, 8929 кара мал, 25 миңден ашык кой-эчки катталган. 72 баш кара мал жасалма уруктандырылып, асыл тукум иштер улануда.

Сугат системаларын жакшыртуу үчүн 742 миң сом бөлүнүп, ички арыктар тазаланды. Куршаб-Сай ирригациялык системасын модернизациялоо долбооруна 1 млрд. 788 млн. сом каралып, 13 миң гектардан ашык жер буюрса, туруктуу суу менен камсыз болот.

**-Инфраструктуралык иштер тууралуу айтсаңыз?**

- 2025-жылы жалпы 14 чакырым 730 метр жолго асфальт төшөлдү. Бул иштерге республикалык бюджеттен 164 млн. 990 миң сом бөлүндү. Ички көчөлөргө шагыл төгүлүп, жаңы электр мамылары орнотулду. “Жашыл мурас” долбоорунун алкагында 9013 көчөт отургузулду. Албетте, бул иштерибиз келечек муунга калтырган жашыл белек.

**- Мыйзамдуулук жана башкаруу тармагында кандай иштер жүрдү?**

-Мыйзамсыз курулуштар боюнча 94 обьект аныкталып, 91и бузулду. Жер мунапысы боюнча 200дөн ашуун арыз кабыл алынды. Муниципалдык мүлктү санариптештирүүдө 172 обьект каттоого алынды.

2025-жылы жарандардан 225 арыз түшүп, тиешелүү тартипте каралды. Социалдык контракт аркылуу 48 үй-бүлөгө 150 миң сомдук сертификат берилди.

**- Соңку суроом, ушул жылдагы негизги максаттар жөнүндө айтсаңыз?**

-Алдыдагы жылга билим берүү мекемелерин капиталдык оңдоодон өткөрүү, жаңы бала бакчаларды жана спорт аянтчаларын куруу, ички жолдорду асфальттоо, трансформаторлорду жаңылоо сыяктуу бир катар максаттарды койдук.

Биздин башкы максат -элдин турмуш сапатын жогорулатуу. Айылдын ар бир тургуну өз келечегине ишеним менен карашы үчүн шарт түзүү биздин милдет деп эсептейбиз. Жасаган жумуштарыбыз өз убагында жыйынтык берип, элибиздин жашоо-шарты жакшырса кубанабыз.

**Маектешкен:**
**Назгүл ӨМҮРЗАКОВА.**

# БИРИМДИК, ЫНТЫМАКЧЫЛЫК - ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗИ

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – элдин турмушуна эң жакын турган, күнүмдүк жашоонун көйгөйү менен кубанычын тең бөлүшкөн маанилүү башкаруу бутагы. Дал ушул деңгээлде элдин ишеними, демилгеси жана биримдиги айкын көрүнөт. Өзгөн районунун аймагындагы Жазы айыл өкмөтү да жыл сайын жаңылануунун, өнүгүүнүн жана жоопкерчиликтүү эмгектин үлгүсүн көрсөтүп келе жаткан аймактардын бири.**

**Жазы айыл өкмөтүнүн аймагында аткарылып жаткан иштер – инфраструктураны жакшыртуу, социалдык объектилерди оңдоо, билим берүү жана саламаттык сактоо тармагына колдоо көрсөтүү, жаштар менен иш алып баруу – мунун баары жергиликтүү бийлик менен калктын тыгыз кызматташтыгынын жыйынтыгы. Айыл аймагындагы ар бир ийгилик – бул жалпы элдин эмгегинин үзүрү.**

Бүгүнкү күндө Жазы айыл өкмөтү туруктуу өнүгүүгө багыт алган, келечекке ишенимдүү кадам таштаган аймак катары мүнөздөлөт. Жолдорду оңдоо, таза суу маселесин чечүү, инвестиция тартуу, жаңы жумуш орундарын түзүү сыяктуу демилгелер тургундардын жашоо шартын жакшыртууга багытталган.

Жазы айыл өкмөтүнүн башчысы менен жеринде жолугуп, өткөн мезгилдеги аткарган иштери, жетишкен ийгиликтери жана алдыдагы максаттары тууралуу кеңири баарлашканбыз. Эл менен бийликтин ортосундагы ишеним, ынтымак жана жоопкерчилик – аймактын өнүгүүсүнүн негизги таянычы экенин дагы бир ирет баса белгилейбиз.




Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул элге эң жакын, элдин үнүн угуп, муктаждыгын чечкен башкаруу бутагы. Ар бир айыл аймагынын ийгилиги – бул уюшкандыкка, жоопкерчиликке жана ынтымакка негизделген эмгектин жыйынтыгы.

## Мыкты айыл өкмөтү

Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясында 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча өткөрүлгөн коллегиялык жыйында районун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошкон айыл аймактарынын ишмердүүлүгү ар тараптуу бааланды. Жыйынтыгында Жазы айыл аймагы көрсөткөн жогорку уюшкандыкты, демилгелүү башкарууну жана эл үчүн жасалган үзүрлүү иштерди эске алуу менен район боюнча 2-орунду багындырып, «2025-жылдын Мыкты айыл өкмөтү» номинациясынын татыктуу ээси болду.




Бул жетишкендик – жөн гана сыйлык эмес, бул аймактагы биримдиктин, мекенге болгон сүйүүнүн жана элге кызмат кылууну ыйык милдет деп билген жамааттын тынымсыз эмгегинин натыйжасы. Жазы айыл аймагында жүргүзүлүп жаткан ар бир иш – инфраструктураны жакшыртуу, социалдык тармактарды колдоо, жаштарга шарт түзүү, инвестиция тартуу – калктын турмушун жакшыртууга жана келечекке болгон ишенимди бекемдөөгө багытталган.

Айыл өкмөтүнүн жамаатынын демилгеси жана жоопкерчиликтүү мамилеси жалпы тургундардын колдоосу менен аймакты туруктуу өнүгүү жолуна багыттап келет.

Жазы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жамаатын бул сыймыктуу жетишкендиги менен чын дилден куттуктайбыз. Элибиз үчүн жасалган ак кызмат ар дайым ийгилик менен коштолуп, жаңы бийиктиктерди багындырууга жол ачсын.

## Элдик жыйын-ачык диалог аянтчасы

Айыл аймакта Апбасов Каныбек Сагынбекович баштаган райондук мекеме-уюмдардын жетекчилеринин катышуусунда жалпы элдик жыйын өткөрүлдү.




Жыйында аймактагы актуалдуу социалдык маселелер, ысырапкорчулукка жол бербөө, турмуштук маанидеги көйгөйлөр ачык талкууланды.

Калк тарабынан айтылган сунуш-пикирлер тиешелүү жетекчилерге тапшырылып, аларды чечүү милдеттендирилди. Жыйын жарандардын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга багытталган ишенимдүү маанайда өттү.

## Кезектеги сессия – жоопкерчиликтүү чечимдер

Жазы айыл аймагынын Айылдык Кеңешинин 8-чакырылышынын кезектеги 10-сессиясы өткөрүлүп, социалдык-экономикалык өнүгүү, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, муниципалдык менчикти башкаруу жана калкты социалдык жактан колдоо маселелери каралды.

Айыл өкмөтүнүн башчысы Джээнбаев Улукбек Рахматилаевич, аймактын туруктуу өнүгүүсүн камсыздоо багытында аракеттер көрүлүп жатканын белгилеп, элдин көйгөйлөрүн чечүү башкы артыкчылык экенин билдирди.

Маалыматка ылайык, айыл аймакта 6326 кожолук, 36 245 калк жашайт. Аймакта 13 орто, 1 башталгыч мектеп, 11 бала бакча, 1 оорукана, 11 ФАП, 4 маданият үйү, 1 музыкалык мектеп, 3 айылдык жана 1 балдар китепканасы иш алып барат.

## Социалдык контракт жана финансылык сабаттуулук

Аз камсыз болгон жарандар үчүн финансылык сабаттуулук боюнча окуу уюштурулуп, мамлекет тарабынан берилүүчү 150 000 сом өлчөмүндөгү кайтарымсыз социалдык жардамды максаттуу пайдалануу жолдору түшүндүрүлдү. Жеке ишкерликти өнүктүрүү, үй-бүлөлүк бюджетти пландаштыруу жана каржылык тобокелдиктерди азайтуу боюнча кеңештер берилди. Бул демилге жарандардын өз алдынча киреше табуусуна жана турмуш деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт.



## Таза суу – жашоо булагы

Кара-Дыйкан айылындагы суу долбоорунун алкагында ичүүчү таза суу системасы курулуп, тургундарды үзгүлтүксүз суу менен камсыз кылуу багытында маанилүү кадам жасалды.

Мындан тышкары, Кара-Дыйкан каналынын 3 чакырымы, Жээренчи каналынын 2 чакырымы тазаланды. Кызыл-Тоо айылында Доңуз-Тоо дарыясынын жээгине 120 метр узундуктагы дамба курулуп, суу ташкынынан коргонуу чаралары көрүлдү.

Зергер айылында дарыя нугун буруу иштери жүргүзүлүп, аймактагы инфратүзүмдөрдү коргоо жана элдин коопсуздугун камсыздоо максаты көздөлдү.

## Ички жолдор кеңейип, инфратүзүмдөр жаңырды

Аймактагы 14 айылдын ички көчөлөрү кеңейтилип, түнкү жарыктар орнотулду. 200дөн ашуун электр мамычалары жаңыланды.

Жаңы айылдагы М. Жолдошалиев мектебинин аймагы иретке келтирилип, талаа жолдору оңдолду. Токтогул айылында демөөрчүлөрдүн колдоосу менен жаңы көпүрө курулду.

Мындан тышкары, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга турак-жай жана мал берүү аркылуу социалдык колдоо көрсөтүлдү. Бул – аймактагы кайрымдуулуктун жана ынтымактын жандуу мисалы.

## Билимге камкордук – келечекке салым

Доңуз-Тоо айылындагы Капар Курманбеков атындагы башталгыч мектеп капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, терезе, эшик, пол жана дубалдары толук жаңыланды. Балдар үчүн сахна жана жаңы ажаткана курулуп, заманбап шартта билим алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

## Спорт – айылдын сыймыгы

Жазы айыл аймагынан чыккан спортчулар – Абдразак уулу Жаныш, Алишеров Аскат жана Төрөбек уулу Сейитказы "Бийиктик" командасынын намысын коргоп, республикалык мелдештерде ийгиликтерди жаратып келишүүдө.

Алар "Жеңиш" кубогунда жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Кубогунда жогорку чеберчилики көрсөтүп, аймактын гана эмес, жалпы өлкөнүн сыймыгына айланышты.

## Жазы-өнүгүүгө умтулуунун жаркын үлгүсү

